**«БЕКИТЕМИН»**

Ош мамлекеттик университетинин
ректору, физика-математика
илимдеринин доктору, профессор
_________________К.Г.Кожобеков
«___» ___________ 2021-ж.

Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д.07.21.628. Диссертациялык кеңеши Наркеев Сапарбек Анарбековичтин «Элдик оозеки чыгармалар орус колониализми боюнча тарыхый-этнографиялык булак катары (XIX кылымдын экинчи жарымы)» деген аталыштагы 07.00.07 - Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын ачык коргоого карата жетектөөчү мекеме болгон Ош мамлекеттик университетинин «Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология» кафедрасынын

## ПИКИРИ

### 1.Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.

Наркеев Сапарбек Анарбековичтин «Элдик оозеки чыгармалар орус колониализми боюнча тарыхый-этнографиялык булак катары (XIX кылымдын экинчи жарымы)» - деген аталыштагы 07.00.07 - Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасын талкуулап, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик. Диссертациялык иши кыргыз этнология илиминде алгачкы ирет изилденген иштердин катарына кирет.

Тандалып алынган тема терең жана ар тараптан изилдөөлөрдү талап кылган, актуалдуу жана илимий - теориялык, практикалык жактан мааниси бар проблемалардын катарына кошулат. XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башындагы Орусия падышачылыгынын Кыргызстандын аймагын аскердик жана дипломатиялык ыкмалар менен каратып алуусунун элдик оозеки маалыматтарда чагылдырылышы комплексктүү изилдөөгө алынган алгачкы эмгек болуп саналат. Диссертант эмгегинде элдик оозеки чыгармалардын теориялык жана методологиялык маселелерине токтолгон. Аны менен бирдикте ошол кездеги «үч чоң оюнчу» мамлекеттердин геосаясатынын Кыргызстандын аймагындагы таасири, кыргыз элинде, жеринде падышалык Орусиянын «бөл, башкар», «союл жана токоч» саясаты туралуу элдик оозеки маалыматтарда, тарыхый булактарда чагылдырылышын салыштырып, анализге алынган. Элдик оозеки маалыматтарда кыргыздардын айрым урууларынын падышалык Орусияга ыктыярдуу кошулганын элдик оозеки маалыматтар ырастаса, ал эми Балбай, Осмон датка, Үмөталы баш болгон кыргыз уруулары «азаттык» үчүн күрөшкөнүн элдик оозеки маалыматтарда так баяндаганын тактоо менен катар эле диссертант, алардын азаттыкка умтулуу күрөштөрү «прогрессивдүү» күрөш экендигин жана азаттыкка умтулуунун «кыргыз ыкмасы» деген  термин менен түшүндүргөн, ал ойлорун элдик оозеки маалыматтардын негизинде тастыктаганга аракеттенген.

Бул пикирлер менен катар эле кыргыз элинин падышалык Орусияга баш ийгенден кийин кыргыз жеринде орус аскерлеринин турактары менен катар эле келгин орус кыштактары пайда боло баштаганын элдик оозеки чыгармалар менен тастыктаган. Андан кийин падышалык Орусия Кыргызстандын түштүк аймактарын жана Кокон хандыгын каратууну ишке ашыруу пландарында, элдин жана элдик кол башчылар, Узун-Агачтагы салгылашуулар туралуу баяндарда Алымбек датканын өз алдынча кыргыз аскерлерине командалык кылуу аракеттери жана анын «Кокондо кыргыз бийлигин, мамлекетин» бекемдегенге аракеттенгенин «Кыргыз мамлекетин

курууга жетишпеди Алымбек», - деген элдик ыр саптар менен тарыхый булактарда да айтылганын тастыктаган. Аны менен катар эле кыргыз элинин өз алдынчалыгын сактап калууга аракеттенген Миңбай датканын Чымкенттеги азаттыкты сактап калуу үчүн күрөштөрүн тарыхый булактар менен катар эле элдик оозеки чыгармаларга, айрыкча Н. Веселовскийдин элден жазып алган ырларын кыргыз тилинде котоpуу менен иликтеп, тарыхый маалыматтар менен шайкештигин тактаган. Ошону менен катар эле Ташкент алдындагы падышалык орус аскерлери менен Кокондук кыргыз-кыпчак колунун күрөшүн чагылдырган элдик маалыматтар менен тарыхый булактардын окшоштугуна жана айырмачылыктарына токтолгон. Айрыкча Алымкул аталыктын «ордо ханы» деген элдик макамы тууралуу маалыматы бир топ кызыгууну жана талаш пикирлерди жараткан.

1873-1876-жылдардагы кыргыз элинин азаттык күрөшүндө Исхак Асан уулу, Полотбек Токтогул уулу деген эки инсан жашаган деген элдик жана З.Магзуминин «Фергана хандарынын тарыхы» деген эмгегине таянып эки Полот хандын болгону туралуу жазган маалыматтары бир топ кызыгууну жана кайчы пикирлерди жаратары чындык. Диссертант бул маселени ар тараптуу тактоого жана тарыхый булактарга таянуу менен тастыктоого аракетенгени байкалат. Бул азаттык күрөштөрдө Мамыр Мерген, Момун Шамурза уулу туралуу да кызыктуу ойлор айтылган. Диссертант С.А. Наркеев эки Момун болгон деген пикирди карманып, анын бири курамалык Абдымомун жана багыш уруусунан чыккан кадимки Шамырза датканын уулу Момун датка болгон деп эсептейт. Бул ойлорун изденүүчу элдик маалыматтарга жана тарыхый булактарга таянуу менен тастыктоого аракеттенген. 1873-1876-жылдардагы кыргыз элинин улуттук-боштондук күрөштөрүндо Алайлык кыргыздардын аракеттерин элдик маалыматтар менен ачыктап, тактап берген. Мында Абдылдабектин эрдигин иликтеген. Курманжан датканын ишмердиги туралуу Молдо Нияздын, Нурмолдонун жана элдик ырлардагы маалыматтарды анализдеген.

Ал эми 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүн буга чейин изилдеген окумуштуулардын эмгектерине таянып, элдик оозеки чыгармаларга, анын ичинен Токтогул, Нурмолдонун ырларын жана элдик санжыраларды тыкыр анализдеп чыккан. Анжиян көтөрүлүшүнүн уюштуруучулары да, идеологу да, катышуучулары да кыргыздар деген тыянак чыгарып, ал ойлорун элдик оозеки чыгармаларга жана тарыхый булактарга, окумуштуулар Б.Жамгерчинов, А.Хасанов, Т.Кененсариев, Э.Авазовдун эмгектерине таянуу менен тастыктоого аракеттенген.

Кыргыз элинин бул азатттыкка умтулуу аракетин «Анжиян кыргыздарынын көтөрүлүшү» деген пикирин сунуштаган. Ошондой эле бул көтөрүлүштүн жетекчиси Мадали эшендин кыргыздарга жакын болгонунун себептерин иликтөөгө алат жана элдик санжырага таянып анын Памирден келгенин, кыргыздардын тейит уруусунун кызылбаш уругунан болгон деген оюн сунуштайт. Көтөрүлүштүн дагы бир жетекчиси, тарыхчы З. Магзуми менен Мадали эшендин жакын болгонун тастыктоого аракеттенген.

Ошондой эле Орусия падышалыгынын бийлигинин орношу менен кыргыз жериндеги административдик саясаттын жүрүшүн, мисалы «болуштук» башкаруу орногонун элдик ырларга таянып иликтеген жана жаңы терминдердин маанилерин тактаган. Оторчу бийликтин орношу менен кыргыз жеринде уруулук чабыштар токтогонун, тарыхый булактардын, Молдо Кылычтын, Калыгулдун, Арстанбек Буйлаш уулунун жана архивдик маалыматтардын негизинде салыштырып, анализдөөгө алган. Молдо Кылычтын «Чабышып жаткан элиңди, Арзан баа кылды эгинди», - деген ыр саптары аркылуу элдин турмушундагы өзгөрүүлөр, Токмок шаарында базарлар уюштурулганы жана элдин жашоосу кандайдыр бир деңгээлде жогорулаганын иликтеп чыккан.

Ал эми кыргыз элинин жашоо тиричилигинде жаңы экономикалык өзгөрүүлөр башталганын Арстанбек Буйлаш уулунун «Бир эки деп санаган, Тыйын чыгат дечү эле, … Эки башы кайкайган, Кайык чыгат дечү эле… Карагайдын башында, чыны болот дечү эле, Чыны менен жүргүзгөн, Зымы

болот дечү эле, … Алты айчылык жолдордон Алты күндө сүйлөшкөн, Бул каапырдын сыры болот дечү эле», - деген ыр саптарын тарыхый маалыматтар менен катарлаш коюп, салыштырып иликтеп чыккан. Чынында эле орус оторчулардын келиши менен Ысык-Көлдө карагай ташуучу кайыктар, телеграф байланыштары иштей баштаганын тактаган. Ошондой эле келгиндердин келиши менен кыргыздардын жашоосунда алга жылуулар менен катар эле карама-каршылыктардын да жаралганын Молдо Нияздын «Осол болду элибиз, Орус кафир бегибиз», - деген сыяктуу ырларында чагылдырылганын ар тараптуу анализдөөгө алган. Кыргыз элинин кош тараптуу эзүүгө дуушар болгонун элдик оозеки чыгармаларда жана тарыхый маалыматтар менен салыштырып тастыктаганга аракеттенгени диссертациялык иштин маанилүүлүгүн арттырат.

Диссертант 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш туралуу да элдик маалыматтарды жана элдик оозеки чыгармаларды кенен жана терең изилдеген. Кыргызстандын дээрлик бардык аймактарында болгон окуяларга кыскача токтолгонго аракеттенген. Кыргыз тарыхы илиминде элдик оозеки чыгармаларды тарыхый маалыматтар менен катарлаш коюп изилдөөнү жакшы саамалык катары эсептесек болот.

Диссертациялык иштин темасы абдан кенен экендигине карабастан изденүүчү теманы терең изилдегенге аракет жасаган. Темадагы актуалдуу деп эсептелинген дагы бир маселе ошол кездеги кыргыз элинин өз алдынча мамлекеттүүлүккө карай умтулганын чагылдырган элдик оозеки чыгармалардагы маалыматтар тарыхый булактар менен катарлаш анализденген.

Ошентип, Орусия падышачылыгынын кыргыз элиндеги оторчулук саясатын элдик оозеки чыгармалардын, элдик ырлар, акындардын ырлары аркылуу изилдөө бул окуялар элдин тарыхый эс тутумунда сакталгандыгын реалдуу тарыхый маалыматтар менен тастыктаган.

Бул багытта кыргыз тарыхында атайын илимий эмгектер аз санда болгондугун эске алганда, дээрлик жарым кылымды камтыган орус

оторчулук доорун элдик оозеки чыгармалардын негизинде комплекстүү изилдегендиги бул эмгектин баалуулугун арттырат. Ошону менен катар эле эмгекте автор өзү жыйнаган элдик оозеки маалыматтарды кеңири пайдаланганы теманын баалуулугун арттырат.

## 2. Диссертацияларга коюлган талаптардын чектериндеги иштин илимий жыйынтыктары.

Диссертант тарабынан аталган мезгилдеги кыргыз элинин Орусия падышачылыгына ыктыярдуу жана куралдын күчү менен менен баш ийгендигин элдик оозеки маалыматтар аркылуу тастыктоо аракеттери жасалган. Аны менен катар эле 1873-1876-жылдардагы, 1898-жылдагы жана 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштөр бири-бирин толуктаган азаттыкка умтулуу күрөшү экендигин, тарыхый маалыматтар жана элдик оозеки чыгармалар аркылуу тактоо аракети көрүлгөн. Эл арасынан элдик оозеки чыгармалар жыйналган, ошону менен катар эле ошол доорго тиешелүү сүрөттөр, мөөрлөр топтолуп анализденген жана изилденген.

- Кыргыз элинин XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башындагы жарым кылымдын ичиндеги Орус оторчулук доорунун саясий жана социалдык-экономикалык саясаты хронологиялык багытта, ачык далилдүү фактылар менен баяндалган;
- Темага тиешелүү тарыхый булактар менен элдик оозеки чыгармаларга тарыхый салыштырмалуу ыкмада анализ берилген;
- Оторчулук доордогу кыргыз элинин социалдык катмарындагы бий, казы, болуш жана кедей, бай, жакыр сыяктуулардын милдет, укуктарына элдик оозеки чыгармалардын негизинде изилденген.
- Оторчуларга каршы азаттык күрөштөрдө тарыхый инсандардын ролуна, элдик оозеки чыгармалардын негизинде кайчылашкан инсандардын ысымдарына тактоолор киргизилген.
- 1873-1876-жылдардагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн эки жетекчиси Исхак Асан уулу жана Полотбек Токтогул уулу, ошондой эле

Абдымомун бек жана кытай уруусунан Момун Шамырза уулу эки башка инсандар экендигин тарыхый булактардын, элдик оозеки чыгармалардын негизинде тактоо сунушун киргизген.

- Оторчулук дордогу кыргыз элинин жашоосундагы оң жана терс көрүнүштөрдүн элдик оозеки чыгармаларда чагылыдырылышы ар тараптуу анализге алынган.
- 1898-жылдагы көтөрүлүштү «Анжиян кыргыздарынын улуттук-боштондук көтөрүлүшү» экендигин жана жетекчилеринин бири Мадали эшен кыргыздын тейит уруусунун курамындагы кызылбаш уругунан экендигин элдик оозеки маалыматтардын, тарыхый эмгектердин негизинде тактоого аракеттер жасалган.
- Кыргыз элинин 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшү кыргыз элинин азаттыкка умутулуусу, мамлекеттүүлүккө карай аракети болгонун элдик оозеки чыгармалар жана тарыхый булактар менен далилдөөгө аракеттенген.

### 3. Диссертацияда белгиленген илимий жыйынтыктардын, корутундунун негиздүүлүгү жана ынанымдуулугу.

Изденүүчү диссертациялык изилдоөсүндө элдик оозеки маалыматтарды кенен жана терең системалык негизде иретке келтирген, аларды талдоодо жана илимий теориялык, методикалык усулдарды пайдаланган. Коргоого сунушталган жоболор менен чыгарылган тыянактар эмгекте обьективдүү, далилдүү малыматтар арбын экендигин көрсөтөт. Этнография илиминин негиздерине жана тарыхый булактарга таянып ынанымдуу тыянактарды чыгара алган;

1. жыйынтык. Автор тарабынан теманын актуалдуулугу конкреттүү көрсөтүлгөн. Изилдөөнүн максаттары тапшырмалары туура, так коюлган.
2. жыйынтык. XIX-XX кылымдын башындагы Орусия падышачылыгынын кыргыз элиндеги оторчулук саясаты туралуу чагылдырылган эмгектерге терең, тура, так тарыхнаамалык сереп салынган.

3. жыйынтык. Автор булактык база катары архивдик жана фольклордук маалыматттар менен катар эле фотодокументтерди да аныктаган.

4. жыйынтык. Диссертант алгачкылардан болуп падышалык Орусиянын Кыргызстандагы оторчулук саясатын элдик оозеки чыгармалардын негизинде комплекстүү изилдеген. Изилдөөнүн натыйжасында кыргыз эли прогрессивдүү жылыштарга ээ болуу менен катар эле салттык жашоосунда карама-каршылыктар менен коштолгонун, азаттыкка умтулганын тарыхый булактардын жана элдик оозеки чыгармалардын негизинде анализге алынган.

5. 1873-1876-жылдардагы улуттук - боштондук көтөрүлүштүн эки жетекчиси болгонун биринчиси Исхак Асан уулу, экинчиси Полотбек Тоткогул уулу, эки Момун бири курамалык Абдымомун жана кытай уруусунан Момун Шамырза уулу сунуштаган.

6. 1898-жылдагы улуттук - боштондук көтөрүлүш «Анжиян кыргыздарынын» көтөрүлүшү экендигин тарыхый маалыматтардын жана элдик оозеки чыгармалардын негизинде такталган.

7. 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш кыргыз элинин «улуу азаттыккка умтулуусу» экендигин тарыхый эмгектердин жана тарыхый булактардын жана элдик оозеки чыгармаларга негизденип «мамлекеттүүлүккө, азаттыкка» умтулушканын фольклордук маалыматтардын негизинде жыйынтык так чыгарылган. Кыргыз элинин азаттыкка умтулуулары бири-бирин толуктаган азаттык күрөштөр деген жалпы жыйынтык чыгарган пикир негиздүү жана ынанымдуу.

## 4. Изилдөөнүн ички бүтүндүгү

Диссертациялык иштин жана илимий тыянактардын ички бүтүндүгүн изилдөөнүн обьектиси менен предметинин туура аныкталышы, иштин максаты менен милдеттеринин мыкты коюлушу иштеги ыраатуулукту сактап турат. Коюлган максатка жетишүүгө жана милдеттердин ийгиликтүү чечилишине иштин-так түзүлгөн структурасы да шарт жараткан.

## 5. Диссертациянын практикалык мааниси, андагы системалаштырылган материалдар, теориялык сунуштар.

Диссертациялык эмгектин жыйынтыктарын тарых, этнография, адабият, фольклор, маданият таануу дисциплиналары боюнча даярдала турган жалпыланган изилдөөлөрдө колдонууга болот. Ал эми окуу жайларында лекция, семинарларды өтүүдо, студенттердин курстук, дипломдук иштерди жазуусунда жардамы тийет.

Калың катмардагы окуучулар үчүн популярдуу эмгектерди жаратуу, радио, телеберүүлөрдө да эмгектин практикалык мааниси абдан чоң мааниси бар. Кыргыз мамлекетинин ички биримдигин, ынтымагын жана кыргыз элинин пассионардуулугун ачыктап бере алат.

Бул эмгектин негизинде кыргыз элинин азаттыкка умтулган эл экендигин тастыктаган маалыматарды жаш муундарга жеткирүү максатында жогорку окуу жайларында тиешелүү адистиктерде атайын «фольклор таануу» курстарын окутуу боюнча сунуштарды берүү.

## 6. Дисссертацияда мазмунунун автордун жарыяланган эмгектеринде тастыкталышы.

Илимий иштин негизги жоболору жана иштин мазмунуна байланыштуу илимий тезистер, макалалар ата мекендик жана чет элдик басылмаларда, анын ичинде РИНЦ системасына кирген илимий журналдарда жарыяланган:

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү илимий макалаларда чагылдырылган:**

1. Наркеев С.А. Түштүк Кыргызстандагы Кокон бийлиги жана элдик оозеки чыгарма [Текст] / С.А. Наркеев // ЖАМУнун жарчысы. - №1. - Жала-Абад, 2008. - 94-99-бб.
2. Наркеев С.А. Кыргыз элдик оозеки чыгармалары Орус колониализми жөнүндө [Текст] / С.А. Наркеев // ЖАМУнун жарчысы. - №1. - Жала-Абад, 2008. - 100-103-бб.
3. Наркеев С.А. Некоторые аспекты использования фальклорных источников в исторических исследованиях [Текст] / С.А. Наркеев // Отан тарихи. Казакстан Республикасы Илим жана билим министрлиги

Ш.Валиханов атындагы Тарих эана этнология иституту. - №2. - Алма-Ата, 2009. - С. 187-193.

4. Наркеев С.А. Алай кыргыздарынын эркиндик, мамлекеттүүлүк үчүн күрөшү [Текст] / С.А.Наркеев // Известия ВУЗов. - №2. Бишкек, 2009. - 144-148-бб.

5. Наркеев С.А. Анжиан көтөрүлүшү жана Т. Сатылганов [Текст] / С.А. Наркеев // КУУнун түзүлгөндүгүнүн 15 жылдыгына карата эл аралык илимий практикалык конференция. Наука и образование Техника жарчысы. - №2 (1). – Ош, 2009. - 85-87-бб.

6. Наркеев С.А. Анжиан көтөрүлүшү жана Т. Сатылганов жана Молло Ныяздын ырларында [Текст] / С.А.Наркеев // КУУнун түзүлгөндүгүнүн 15 жылдыгына карата эл аралык илимий практикалык конференция. Наука и образование Техника жарчысы. - №2 (1). - Ош, 2009. - 85-87-бб.

7. Наркеев С.А. Орус келгиндери жана орусташтыруу принциби элдик оозеки чыгармаларда [Текс] / С.А.Наркеев // Эл агартуу журналы. Бишкек, 2009. - 29-33-бб.

8. Наркеев С.А. 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймыл жана элдик оозеки чыгармаларларда чагылышы. [Текст] / С.А.Наркеев // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улутттук Университетинин жарчысы, атайын чыгарылышы. –Бишкек, 2014. -159-161-бб.

9. Наркеев С.А.Элдик көтөрүлүш (1873-1876-жж) жана элдик оозеки чыгармалар [Текст] / С.А.Наркеев // // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин жарчысы, атайын чыгарылышы. - Бишкек-2014. -162-166-бб.

10. Narkeev S.A. The reflection in the folklore of Mamyr Mergens role in Andifn Kyrgyz peoples uprising for Fridom [Текст] / С.А.Наркеев // Modern Science № 10, 2016. - Moscow, 2016. -P. 122-128. Founder and publistegic «Strategic Studies Institute» LLC.

11. Наркеев С.А. Отражение в устном народном творчестве первых дипломатических отношений царской России с кыргызским народом.[Текст] / С.А.Наркеев // Интернаука. Научный журнал. - №4(8) февраль. - Москва. 2017. - С.32-35.

12. Наркеев С.А., Чилетова А.Д. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн идеясы оозеки чыгармаларда чагылышы (акын Женижок, Токтогулдун ырларынын негизинде) [Текст] / С.А.Наркеев, А.Д.Чилетова. ЖАМУнун Жарчысы. - №1 (37). - Жала-Абад, 2017. - 98-102-бб.

13. Наркеев С.А. Миңбай датканын эрдиги элдик оозеки чыгармаларда баяндалышы.[Текст] / С.А,Наркеев. Кыргыз улуттук илимдер академиясынын жарчысы. Бишкек, 2020. -52-55-бб.

## 7. Авторефераттын мазмунунун диссертациялык иштин мазмунуна дал келүүсү

Теманын максаты жана милдеттери авторефераттын текстинде толук чагылдырылган. Автореферат кыргыз жана орус тилинде жарыяланып, алар кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмелер менен жабдылган.

## 8.Талапкерге каалоолор жана сунуштар.

1. Диссертацияда айрым бир стилистикалык, грамматикалык мүчүлүштүктөр кездешкендиктен кол жазманы редакциялап чыгуу зарыл;
2. Шилтеме берилбей калган айрым адабияттар менен булактарга шилтеме берүү керек.
3. Оторчулук доордо жашаган айрым тарыхый инсандардын тарыхтагы ордуна тактоолорду мындан ары тереңдетүү керек.

## 9. Кыргыз Республикаынын окумуштуулук даража ыйгаруу жөнүндө жобосунун 2-бөлүгүндө айтылган талаптарга диссертациянын жооп бериши

Диссертациялык иш илимий-теоретикалык жана методикалык жактан тиешелүү деңгээлде жазылып, коюлган темасына ылайык кыргыз этнология илиминде элдик оозеки чыгармаларды комплекстүү изилдеген, ошондой эле өз нугу менен аткарылган илимий эмгек болуп саналат.

Ош мамлекеттик университетинин «Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология» кафедрасы Наркеев Сапарбек Анарбековичтин «Элдик оозеки чыгармалар орус колониализми боюнча тарыхый-этнографиялык булак катары (XIX кылымдын экинчи жарымы)» деген аталыштагы диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Улутттук Аттестациялык Комиссиясынын талаптарына жооп берет жана изденүүчү Наркеев Сапарбек Анарбекович 07.00.07 - Этнография, этнология жана

антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

**Корутунду пикир:** Ош мамлекеттик университетинин «Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология» кафедрасынын 2021-жылдын №__7__ кезексиз өткөн атайын отурумунда талкууланды (протокол № «__15__» «_____»).

Ош мамлекеттик университетинин «Кыргызстан тарыхы
жана археология, этнология» кафедрасынын
башчысы, т.и.к., доцент: [signature] Ташмаматов О.А.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
2021 ж. «12» 04.
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы [signature] Турдубаева Г.

Вх. 04-8/24 от 15.04.21
Уч. секр. Диссовета Д.07.21.628
А.З. Жапаров [signature]

**Наркеев Сапарбек Анарбековичтин «Элдик оозеки чыгармалар орус колониализми боюнча тарыхый булак катары (XIX кылымдын экинчи жарымы)» аттуу 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясына оппонент, тарых илимдеринин кандидаты, доцент Капалбаев Октябрь Эркиновичтин**

# ПИКИРИ

## 1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий мамлекеттик программалар менен байланышы

Кыргызстан өзүнүн эгемендигин алгандан кийин мурунку доорлордо жазылган эмгектерди кайрадан карап чыгуу зарылчылыктары жана талаптары алдыңкы орунга чыкты. Айрыкча, оторчулук доорунда жазылган илимий эмгектерде, тарыхый очерктерде, отчеттук каттарда жана гезиттик макалаларда баалуу маалыматтар менен бирге эле "жеңүүчүнүн көз карашы" таңууланган, бир жактуу билдирүүлөр да орун алган. Анткени чек ара аймактарын кеңейтип, оторчулук саясатын жигердүү жүргүзүп келе жаткан кандай гана өлкө болбосун "актануу аракеттерин" социалдык жактан көмөк берүү, агартуу иштерин жүргүзүү, элдин саламаттыгына кам көрүү сыяктуу кадамдары менен түшүндүрүп келишкен. Ошол эле учурда объективдүүлүк үчүн белгилей кетүүчү нерсе, маалыматтардын бардыгы эле буйдамаланган эмес. Оторчулук мезгилдеги көчмөн элдердин, анын ичинде кыргыз элинин заттык жана заттык эмес маданияттарын өзгөчө белгилеп, аларга таң калуусун жана жогорку урмат-сыйын көрсөткөн окумуштууларды, аскер чыгыш таануучуларды, алардын эмгектерин дагы эстен чыгарбашыбыз зарыл.

XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыздар жашаган аймактардагы саясий абал өтө курчуп, тышкы жана ички абал татаалдашып, уруулардын арасындагы тынымсыз жаңжал, чабыштардын күчөшү, кан төгүүлөр, сырткы күчтөрдүн кыргыз жерине киришине оңой мүмкүнчүлүктөрдү түзгөн. Бул жагдайларды эл арасындагы ырчылар, комузчулар жана кошокчулар чыгармаларга айлантышкан. Ошол мезгилден бери ондогон жылдар өтсө дагы ал окуялар элдин эсинде бүгүнкү мезгилге чейин сакталып келе жаткандыгынын өзү элдин эс-тутуму эскирбегендигин айгинелеп турат. Ошондой болсо дагы советтик доордо, андан кийинки мезгилде деле элдик оозеки чыгармалардын тарых илиминдеги ордуна жана ролуна тийиштүү көңүл бурулбай келген. Чындыгында эле жазма булактарда берилген айрым окуялардын чындыгын, тактыгын элдик оозеки чыгармалар дагы бир ирет далилдесе, айрым бир жерлеринде калпыстыктарга да жол берилгендигин ырастап өтөт. Демек, изилдөөгө алган теманын **актуалдуулугун** төмөнкү факторлор аркылуу негиздөөгө болот:

- Орусия падышачылыгынын оторчулук доорун изилдөөдө саясий кырдаалдар, идеологиялык көз караштар айрым окуяларды дыкат кароодон, ойлорду ачык айтуудан чектеп турган. Ошол себептен эл арасында айтылып келе жаткан аңыз кептер, ырлар, кошоктор, ал тургай оторчулук дооруна арналып чыгарылган күүлөрдү да аткарууга, ырдоого, ошондой эле илимий айлампага

алууга кайсыл бир деңгээлде тыюу салган. Жогоруда айтылган атайын чектөөлөр Молдо Ныяз, Молдо Кылыч, Нур Молдо, Жеңижок, Токтогул сыяктуу эл көйгөйүн ырдап чыккан ырчылардын ырларын талдоодо, жайылтууда тоскоолдуктарды жараткан. Эгемендикти алганыбызга ондогон жылдар өтсө дагы оторчулук доордун жүрүшүн чагылдырган жазма булактар менен элдик оозеки чыгармаларды салыштырып-окшоштуруп талдоо иштерине тийиштүү көңүл бурулбай келе жаткан. Анткени Орусиянын оторчулук саясаты кыргыз төбөлдөрүнүн айрымдарына жакканы менен калган бөлүгүнө жаккан эмес. Аларды баскынчы катары кабыл алышып, куралдуу каршылыктарды дагы көрсөтүшкөн. Мына ушундай курч кырдаалдар, адамдардын өлүмү, массалык жазалоо, көтөрүлүшкө чыккандардын сүргүнгө айдалышы эпикалык жанрга жакын эл ичинде көптөгөн ырлардын жаралышына түрткү берген. Ачууга, ызаага, алсыздыкка, айласыздыкка бууккан ырчылар күчүн ырдан чыгарышкан. Учурундагы окуяларды өз көзү менен көргөндөр, кандуу окуялардын күбөлөрү ошол шартты ырларында таасын чагылдырышкан. Ал ырлар эл арасына бат эле тарап, убакыттын өтүшү менен аны чыгарган ырчылардын аты унутулуп, элдик аталып кеткен. Ошону менен бирге эле, жазма булактарда бир ысымдуу адамдардын кылган иштери кошулуп жазылып, тарыхый чаташуулар, түшүнбөстүктөр азыркы мезгилге чейин уланып келе жаткандыгын кошумчалоого болот. Мына ушул багыттын өзү актуалдуу маселелерден болуп саналат.

• Оторчулук доордо Орто Азиянын эли Орусия падышачылыгы, Улуу Британия жана Кытай өңдүү мамлекеттердин «чоң оюнуна» айланган. Кыргыз урууларынын ортосундагы жайыт талашуу, жылкы тийүү, кун кубалашуу, таасир талашуу сыяктуу майда тирешүүлөр алардын биригүүсүнө, бирдиктүү күч түзүүсүнө тоскоолдуктарды жараткан. Алардын ынтымаксыз, баш аламан, ар тараптуу саясий кадамдары ички боштуктарды жаратып, чоң өлкөлөрдүн «бөлүп сал да, бийлей бер», «камчы жана токоч», «эл жакшылары менен тилектештик» сыяктуу байыркы мезгилдерден бери «ийгиликтүү» колдонуп келе жаткан ыкмаларына, кылтак-тузактарына өздөрү башын салып берүүсүнө алып келген.

Уруулар арасында же өрөөндө таасирин күчөтүүнү жана «оюнчулардын» сыйлыктарына кызыккан бийлик төбөлдөрү бирдиктүү өлкө курууга эмес, кайсыл бир өлкөнүн курамына кирүүгө ыктаган кадамдарды иштей башташкандыгы жашыруун эмес.

Жазма булактар, кызматтык каттар бир же адамдар тобунан жазыларын эске алып, ошол эле учурда оторчулардын же кайсыл бир өлкөнүн тарыхчыларынын, саякатчыларынын билдирүүлөрү бир тараптуу гана жазылып, ошол учурдагы кырдаал, саясий абал алардын көз карашы менен берилгендигин дагы эстен чыгарбоо керек. Ал эми кыргыз элинде жазуу иштери жакшы өнүкпөгөндүгү менен эс тутуму, фольклордук чыгармалары жогорку деңгээлде өнүгүп, аталган окуялардын көпчүлүгү санжыраларда жана элдик оозеки чыгармаларда сакталып, теманын актуалдуулугун дагы бир жолу бекемдейт. Демек, автор аталган теманы тарыхый булактар менен элдик оозеки чыгармаларды салыштырып, илимий изилдөөгө алгандыгын өзгөчө белгилөөгө болот.

Диссертациянын темасы ири багыттар, программалар жана негизги илимий иштер менен байланышпайт. Аталган диссертациялык иш тарыхый өңүттө изилденген демилгелүү диссертациялык иш болуп саналат.

## 2. Диссертацияга коюлган талаптардын чектериндеги иштин илимий жыйынтыктары

Диссертациялык иште тарых жана этнография илиминин өнүгүшүнө бир катар илимий-практикалык, тарыхнаамалык жыйынтыктар, илимий жоболор берилген. Мындай жетишкендиктер кыргыз тарыхнаамасына белгилүү деңгээлде салым кошот. Алар төмөнкүлөр:

**1-жыйынтык.** Диссертациялык иште изденүүчү С.А. Наркеев Орусия оторчулугунун жүргүзгөн саясатын, ордун, өнүгүшүн архивдик-маалыматтык булактардын, элдик оозеки чыгармаларды илимий талдоого алуу менен теманын актуалдуулугун эмгектин киришүү бөлүгүндө көрсөткөн.

**2-жыйынтык.** Иликтөөчү диссертациялык ишинин максаты жана милдеттерине жараша теманын тарыхнаамалык маалыматтарын кароону үч багытта жүргүзгөн (совет дооруна чейинки, совет доорунда, эгемендик мезгилде жазылган булактар жана эмгектер). Теманын көп жактуулугу түрдүү багыттагы илимий адабияттарды, отчеттук материалдарды, билдирүүлөрдү, фольклордук чыгармаларды талдоону жана жыйынтыктарды чыгарууну талап кылган. Тарыхый булактарды, тарыхнаамалык адабияттарды фольклордук чыгармалар менен салыштырып кароо менен бирге, автордун өзүнүн талаа материалдарына дагы тийиштүү көңүл бурган (3-бап).

**3-жыйынтык.** Изилдөөгө алынган маселе боюнча совет дооруна чейинки россиялык жана чет элдик тарыхчылар, чыгыш таануучулар, аскер кызматкерлери жана саякатчылар тарабынан маалыматтар, изилдөөлөр жүргөндүгү, бирок комлекстүү изилдөөгө алынбагандыгы көрсөтүлгөн. Оторчулук доордогу тарыхый булактарды кайрадан дыкаттык менен карап чыгуу, анализдөө жаңыча көз караштар менен системалаштыруу, ал маалыматтарды элдик оозеки чыгармалар менен салыштыруу аркылуу изилдөө тарыхый-этнографиялык иликтөө жаатында бир топ табылгаларды алып келерин белгиленген (1-бап, 1.1-бөлүм).

**4-жыйынтык.** Советтик мезгилде элдик фольклорду, этнография тармагын изилдегендерди көзөмөлгө алуу коммунисттик партиянын көзөмөлүндө туруп, бул илимдер тармагы советтик идеологиянын бирден бир таянычы катары кызмат өтөгөндүгү көрсөтүлүп, элдик оозеки чыгармаларды тарыхый булак катары колдонууга тыюу салып, алар эскинин калдыгы катары эске алынган эмес. Изилдөөдө жана диссертациянын ички мазмунунда элдик оозеки чыгармалар кеңири пайдаланылгандыгы илимий жыйынтыктардан көрүнүп турат (1-бап, 1.2-бөлүм).

**5-жыйынтык.** Каралып жаткан теманы изилдөөдө бир катар архивдик булактар, кыргыз бийлеринин жазган каттары, мөөрлөрдүн көчүрмөлөрү, кызматташуу тууралуу келишимдер, ошол кырдаалды чагылдырган аскердик маалыматтар, билдирүүлөр баалуу тарыхый булак катары колдонулган жана методологиялык принциптери, теориялык негиздери, изилдөө ыкмалары автор тарабынан туура пайдаланылган (1-2-бап).

**6-жыйынтык.** Кыргыз элинин азаттыгын жана эркиндигин сактоо максатында, ошондой эле элдин идентүүлүгүн сактоону көздөгөн бир ысымдуу же ысымды “атайылап” алган тарыхый инсандардын ишмердүүлүктөрү, кайсыл бир топко таандыгын тастыктаган жаңы табылгалар табылгандыгын белгиленген. Азаттык күрөшүнүн орду жана ролу тууралуу фольклордук, тарыхый-этнографиялык маалыматтар менен дагы ырасталган (3-бап, 3.1-бөлүм).

**7-жыйынтык.** Орусия оторчулары XIX кылымдын экинчи жарымында – XX кылымдын башында кыргыз жерлерин басып алгандыгына каршы азаттык үчүн Осмон датканын, Үмөтаалынын күрөшү, ошондой эле 1873-1876-жылдардагы Ферганадагы боштондук көтөрүлүшү, андагы Исхак Асан уулунун, Полотбек Токтогул уулунун, Мамыр Мерген, Момун Шамырза уулунун салымдарын ишенимдүү тарыхый булактар жана элдик оозеки чыгармалар менен тастыктоого аракет жасалган (4-бап, 4.1.-4.2-бөлүмдөр).

### 3. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун негиздүүлүгүн жана ынанымдуулугунун деңгээли

Диссертант С.А. Наркеев өз изилдөөсүндө ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Илимий айлампага киргизилген маалыматтарды изилдөөгө алууда диссертант тарабынан колдонулган илимий методдор диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ийгиликтүү ишке ашырууда калыс жана объективдүү анализ чыгарууга шарт түзгөн. Алардын негизинде корутундулар чыгарылган. Негизги жыйынтыктар жана корутундулар кыргыз тарыхнаамасында негизги маанилүү орунду ээлейт. Алар төмөнкүлөр:

**1-корутунду.** Орусия падышачылыгы Кыргызстанды «ыктыярдуу кирген» деген келишимдер аркылуу же куралдуу күчтөрдүн жардамы менен басып алгандыгын элдик оозеки жана тарыхый-этнографиялык, этносаясий, этночарбалык маалыматтар аркылуу ырастайт.

**2-корутунду.** Ферганадагы азаттык күрөшүнүн башында Алымбек датка, Алымкул аталык, Исхак Асанбий уулу, Полотбек Токтогул уулу жана Мамыр Мерген сыяктуулар тургандыгын элдик ырлар жана тарыхый-этнографиялык булактар менен да тастыкталган. Ошондой эле тарыхый инсандардын ысымдары жана жасаган иштери такталган. Алсак, Момун атын алып жүргөндөрдөн экөө болгон. Бири курамалык Абдымомун кытай уруусунан болсо, экинчиси, багыш уруусунан Момун Шамурзак уулу. Андан кийин Исхак Асан бий уулу Аксыда 1873-жылы Болот ысымын алып, хан шайланган. Экинчиси Полот-бек Токтогул уулу өз ысымы менен Анжияндын Ботокара айылында элдик курултайдын негизинде хан шайлангандыгы аныкталган. Анын бул жерде хан көтөрүлгөндүгү дагы жөн жерден болгон эмес. Анткени санжыралык булактар боюнча аталган айылда саяк уруусунун атакара, ботокара уруктары жашаган.

**3-корутунду.** Курманжан датка жана анын уулу Абдылдабек сыяктуулар кыргыз элинде бирдиктүү эл, мамлекет болуу идеясын колдоп, азаттык үчүн Кокон орток хандыгын сактап калууга жана азаттык, этносаясий жактан көз каранды эместик үчүн күрөшүүсү, падышалык бийликти аргысыздан тааныгандыгы фольклордук, тарыхый-этнографиялык булактар аркылуу да такталган.

**4-корутунду.** Орусия падышалыгына кошулуу менен өндүрүштөгү тери иштетүүчү, май чыгаруучу заводдордун курулушу жана токой-талаанын корукка алынышы сыяктуу прогрессивдүү иштер да жүргөндүгү белгиленген.

**5-корутунду.** Фергана аймагындагы көп этностор катышкан "Анжиан көтөрүлүшүнүн" курамында кыргыздар басымдуулук кылгандыгын, негизги башкаруучулар кыргыздардан түзүлгөндүгү элдик ырлар жана Жеңижок менен Токтогулдун ырлары аркылуу тастыктаганга аракет жасаган.

**6-корутунду.** 1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөштө азаттыкка умтулууда «элдин хан шайлоосу, туусу, адат, салт» менен көз карандысыздыкка умтулуу, кыргыз мамлекетин кайра жандандыруунун формасы катары эсептеп, башында чачкын болуп кийин уюмдашып, кыргыз элинин Ата Журту, мамлекеттүүлүк, жер, элдин биримдиги үчүн күрөш жүргүздүгүн белгилөөгө аракет кылган.

**7-корутунду.** 1855-1868-жылдардагы жана 1873-1876-жылдардагы, 1898-жылдардагы жана 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштөр сыяктуу элдик кыймылдардын чыгып турушун "Кыргыз элинин азаттык үчүн күрөшүүнүн көчмөндүк ыкмасы" деп атап, алардын башында Алымбек датка, Алымкул аталык, Полот хан, хан Полотбек Токтогул уулу, Абдылдабек, Мамыр Мерген, Осмон датка, Үмөтаалы, Дукчи эшен, Чыйбыл болуш, Б. Ногоев, Канаат Ыбыке уулу, Шабдан уулу Мөкүш сыяктуу инсандар кыргыз жеринин, элинин биримдигин, эркиндикти туу туткандар, мамлекеттүүлүктүн бирдиктүү идеясын карманган мекенчилдигин тарыхый булактар жана элдик оозеки чыгармалардын негизинде ар тараптуу тастыктап берүүгө аракет жасаган.

## 4. Диссертациянын жыйынтыктарынын ички биримдигин баалоо

Автордун тыянактарынын ички биримдигине баа берүү төмөнкүлөрдү көрсөттү. Диссертанттын даярдаган иши, жаңы тарыхый булактарды илимий айлампага киргизүүдө борбордук мамлекеттик архивинин жана КР УИАнын кол жазмалар фондунун материалдарын, тарыхый булактардын базасын, элдик оозеки чыгармалар жана көркөм адабияттарын, автордун талаа материалдарын, изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин колдонуу аркылуу "Элдик оозеки чыгармалар орус колониализми боюнча тарыхый-этнографиялык булак катары (XIX кылымдын экинчи жарымы)" аттуу комплекстүү изилденген өз алдынчалуу илимий эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн жыйынтыктары колдонулган тарыхый булактар аркылуу ар тараптуу негизделген.

Автордун **жекече салымын** Ысык-Көл, Нарын, Чүй, Талас, Жалал-Абад, Ош, Баткен облустарындагы жашаган кыргыздарды кыдырып, сурамжылоолорду, байкоолорду жүргүзүп, орус падышачылыгынын кыргыздарга болгон саясатын далилдеген элдик оозеки чыгармаларды чогулуштушу, аларды талдоого алышы, орус окумуштуу-саякатчыларынын, аскер чыгыш таануучуларынын кыргыз элинин этносаясий тарыхы тууралуу берген билдирүүлөрүнүн жана маалыматтарынын үстүртөн гана берилгендигин элдик оозеки чыгармалар менен далилдөөгө жасаган аракеттери менен белгилөөгө болот.

Диссертант көп этностуу Кокон хандыгында кыргыздардын ордун тарыхый эс тутумдагы жана фольклордук маалыматтар менен тастыктоону улантуу, тарыхый-этнографиялык, этнополитологиялык булак катары кызмат өтөгөн

элдик оозеки чыгармаларда кыргыздардын кошуна элдер менен болгон этногенетикалык жана этномаданий байланыштарын чагылдыруу, колониялдык саясатка каршы күрөштү далилдеген, мурда илимге белгисиз болуп келген фольклордук, тарыхый-этнографиялык маалыматтардын жаңы үлгүлөрүн таап, иликтеп, иштин жыйнактарына киргизүү керектиги боюнча көз караштарын билдирип, бир катар баалуу тыянактары менен бирге практикалык сунуштарын берген.

Наркеев Сапарбек Анарбековичтин "Элдик оозеки чыгармалар орус колониализми боюнча тарыхый-этнографиялык булак катары (XIX кылымдын экинчи жарымы)" аттуу 07.00.07 – этнография, этнологич жана антропология адистиги боюнча даярдалган диссертациясы аталган маселелерди ар тараптуу изилдеген эмгек. Диссертацияда каралып жаткан проблема боюнча жаңы жыйынтыктар жана жоболор аныкталып, алар эмгектин ички структурасын түзүп, тарыхый, логикалык жана хронологиялык ырааттуулуктар сакталган.

## 5. Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу, анын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун темасы боюнча жарыяланган эмгектеринде тастыкталышы

Диссертациялык иштин мазмуну изилдөөчүнүн 13 макаласында жарыяланган. Алардын ичинен экөө Россияда, бирөө Казакстанда, ону Кыргызстанда, РИНЦ желесине катталган басылмаларда жарык көргөн. Жарыяланган макалалардын упайлары КР ЖАКтын талаптарына шайкеш, жеткиликтүүлүккө ээ экендиги такталган. Натыйжада төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот. *Биринчиси,* чет өлкөлөрдөн жана Кыргызстандан чыккан макалаларда диссертациянын негизги мазмуну, жоболору жана изилдөөнүн жыйынтыктары түрдүү багытта чагылдырылган. *Экинчиси,* жарык көргөн макалалардын саны Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын талаптарына жооп берет. Диссертациялык изилдөө боюнча жарык көргөн эмгектеринин толук тизмеси авторефератта берилген.

## 6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине, мазмунуна дал келет. Кыргыз жана орус тилиндеги авторефераттар талапка жооп берет. Авторефератта кыргыз,орус жана англис тилинде мазмуну бири-бирине дал келген диссертациянын резюмелери берилген.

## 7. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер, изденүүчүгө сунуштар

Диссертант С.А. Наркеевдин илимий изилдөөсүнүн жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктери менен катар эле айрым мүчүлүштүктөргө ээ экендиги да байкалат. Аларды атоо менен изденүүчүгө, анын илимий жетекчисине бир нече сунуштарды, кошумчаларды берип кетүү максатка ылайык болот деп эсептейбиз:

**1.** Диссертациялык иштин тарыхнаамалык бөлүмүндө көптөгөн архивдик материалдар, илимий жана адабий эмгектер колдонулган. Бирок диссертант

айрым эмгектерди илимий айлампага алуунун алуунун себептерине жана негиздерине токтолуп өткөн эмес. Изилдөөгө тиешелүү адабияттардын кыскача гана аннотациялары гана берилип калган.

**2.** Диссертациянын булактык базасына 33 архивдик материал киргизилип, диссертант архивдик материалдар менен дагы иштей аларын көрсөткөнү менен иштин мазмунунда айрым архивдик материалдар талдоого алынбайт жана аларга шилтеме берилбейт. Архивдик материалдар өтө баалуу маалыматтарды берерин эске алып, кеңири токтолуп өтсө, иштин баалуулугу артмак.

**3.** Орус оторчулук саясаты кыргыз өлкөсүнө чектеш жана кошуна турган азыркы мезгилдеги Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан жана Түркмөнстан мамлекеттеринде да жүргөн. Илимий изилдөөнүн баалуулугун арттыруу жана салыштырма иликтөө үчүн Орусиянын оторчулук саясатынын параллелдерине да азыраак токтолуп өтсө жакшы болмок.

**4.** XIX кылымдагы орус оторчулугуна каршы күрөшкөн ири төбөлдөргө көбүрөөк көңүл бурулуп, алардын жасаган эрдиктери, каармандыктары бир нече ирет кайталанып, ал эми калың катмарды түзгөн майда уруулардын бийлерине, болуштарына азыраак көңүл бурулган. Албетте, жалпы көтөрүлүштүн, толкундоолордун башында ири бийлер, даткалар, төбөлдөр турганы менен негизги авангарддык ролду жергиликтүү элдер, аларды жетектеген уруу башчылары болгондугун дагы эстен чыгарбашыбыз зарыл. Тетирисинче, аларды илимий изилдөөлөргө жаңы табылга катары киргизүүгө аракет жасалышы керек.

Биздин пикирибиз боюнча, жогорудагы келтирилген мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин баасын эч кандай төмөндөтө албайт. Диссертациялык иш илимий деңгээлде, тарыхый маалыматтарга бай, жаңы көз караш менен жазылган. Автордун жетишкендиктери катары анын бир топ жаңы булактарды тапкандыгы жана талаа материалдарын илимий айлампага киргизгендиги менен белгилөөгө болот.

**8. Кыргыз Республикасынын окумуштуулук даража ыйгаруу жөнүндө Жобосундагы талаптарга диссертациянын жооп бериши**

Сапарбек Анарбекович Наркеевдин диссертациясынын кол жазмасы жогоруда аталган айрым мүчүлүштүктөргө карабастан, өз алдынча жогорку илимий-теориялык деңгээлде даярдалган, илимий эмгектерге коюлуучу бардык талаптарга жооп берген, мазмундуу, азыркы жаңы көз караашта жазылган диссертация деп эсептесе болот. С.А. Наркеедин "Элдик оозеки чыгармалар орус колониализми боюнча тарыхый-этнографиялык булак катары (XIX кылымдын экинчи жарымы)" аттуу диссертациясынын маани-маңызы, максаты, милдеттери, изилдөө объектиси, изилдөө предмети, түзүмү, илимий деңгээли, жабдылышы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет. Диссертант 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

**Расмий оппонент, тарых илимдеринин кандидаты, доцент** **О.Э. Капалбаев**



Вх. 04-8/23 от 15.04.21.
Уч. секр. диссовета 8.07.21.628
А.З. Жапаров

**Наркеев Сапарбек Анарбековичтин “07.00.07 - этнография, этнология жана антропология” адистиги боюнча “Элдик оозеки чыгармалар - орус колониализми боюнча тарыхый-этнографиялык булак катары (XIX к. экинчи жарымы)” деген темада тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасына расмий оппоненти тарых илимдеринин доктору, профессор Ч.Дж. Турдалиеванын**

**Сын пикири**

Наркеев Сапарбек Анарбековичтин диссертациясынын кол жазмасын окуп чыгып, төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот: 1. “07.00.07 - Этнография, этнология жана антропология” адистиги боюнча даярдалган иштин Д.07. 21.628. Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши.

Изденүүчү С. А. Наркеевтин аталган темада жазылган кандидаттык диссертациясы Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы Тарых институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча **Д 07.21.628** Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет. Каралып жаткан диссертациялык иште XIX к. экинчи жарымы XX к. башындагы доордогу социалдык, саясий маселелер элдик оозеки чыгармалардын негизинде талдоого алынган. Жазылган диссертациянын мазмуну Кыргыз Республкасынын Жогорку Аттестациялык Коммиссиясынын талаптарына **07.00.07** - этнография, этнология жана антропология адистигинин паспортуна толук жооп келет. Илимий иштин максаты катары автор, Россия империясынын кыргыз жеринде жүргүзгөн колониалдык саясатынын элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышын системалуу илимий жактан иликтөөгө алган.

1. **Максатка жетүү үчүн** изденүүчү тарабынан бир катар милдеттер коюлган. Диссертациянын этнографиялык объектисин кыргыздардын Россия империясынын курамына киргенден кийинки мезгилдеги элдин эс тутумунда

сакталган административдик-колониалдык саясатты, социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдү, падышачылык бийликке каршы жана кыргыз элинин азаттыкка умутулуулары элдик оозеки чыгармалардын негизинде талдап чыккан. Иштин объектиси жана предмети - "07.00.07 - этнография, этнология жана антропология" адистигинин мазмунуна жана ага коюлган талаптарга жооп берет.

2. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу** тууралуу изилдөөчү Россия падышачылыгынын кыргыз элин кара алуусун изилдеген тарыхый эмгектерди тарыхый булактарды элдик оозеки чыгармаларга, эскерүүлөргө жана заманчы акындардын, ошондой эле Токтогулдун, Молдо Ныяздын, Жеңижоктун, Талып Молдонун ырларына таянуу менен тарыхый-этнографиялык, тарыхый салыштармалуулук жактан анализ жүргүзүү , иликтеп, изилдеп чыгуу учурдун башкы талабы болуп саналат. Себеби, ошол мезгилдерде болуп өткөн окуялар, падышалык орусиянын этносаясаты элдин тарыхый эс тутумунда, этнопсихологиясында, этнаң-сезиминде жана адамдардын жашоо турмушуна таасир берген окуялардын "негизги өзөктөрү" элдик оозеки чыгармаларда, айтымдарда чагылдырылганын анализдеп, изилдеп чыгуу тарыхтын актай барактарын толуктоого жардамчы боло алуусу учурдун актуалдуу маселелеринен болуп саналат,-деп автор так баса белгилегени колдоого алааарлык болуп саналат. Автор белгилегендей эл көргөн, билгендерин, уккан баяндарын ырлар, баяндамалар, эскерүүлөр аркылуу муундан-муунга айтып келишкен. Ошого байланыштуу кыргыз элинин тарыхый эс тутумдарына таянып көңүл , XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башында орус империясынын колониалдык саясатынын таасири астында жергиликтүү элдин коомдук аң-сезими жана социалдык-экономикалык абалы, өзгөрүүгө дуушар болгондугун байкоого болот. Ал кыргыздардын улуттук баалуулуктарына жана мамлекеттүүлүгүнө, эркиндикке карай умтулууларынын башталышы менен коштолгон. Ошол доордогу айтылган элдик оозеки чыгармалардагы азаттык, эркиндик, тенсиздик тууралуу ойлордун элдик оозеки ырларда айтылышы тарыхый окуялар менен дал

келгендиги менен өтө баалуу болуп саналат. Ал эми Россиянын колониалдык саясатынын прогрессивдуу жактары менен бирге эле терс жактарын элдик оозеки чыгармаларга таянуу менен иликтөө илим үчү мааниси абдан мааниси зор жана актуалдуу экендиги айкын болуп саналат.

3. **Илимий жыйынтыктар.** Диссертациялык иште бир нече жацы тарыхый, этнографиялык жыйынтыктар фольклордук материалдарды иликтөөнүн негизинде чыгарылган. Алардын айрымдары төмөнкүлөр: - кыргыздардын көрүнүктүү тарыхый инсандарынын ичинде Балбай, Осмон датка, Алымбек датка, Атабек датка, Чыйбыл болуш, Полот хан, Алымкул аталык, Полотбек Токткогул уулу, Кана Ыбыке уулу сыяктуулар Россия падышачылыгынын колониалдык бийлигине моюн сунгусу келбеген кол башчылары жана жол башчылары, ошол эле учурда саясий кырдаалга жараша аракеттенгендери болгондугу элдик оозеки чыгармаларда так чагылдырылган; - падышачылыктын колониалдык саясатынын маңызын, өзгөчөлүктөрүн иликтеп чыгууда элдик оозеки чыгармаларды булак катары туура так пайдаланган; - Кокон хандыгында адилеттүү мамлекеттик бийлик орнотууга, Россия империясынын баскынчылыгына каршы кыргыз элинин жана анын көрүнүктүү кол жана жол башчыларынын жасаган аракеттери тууралуу элдик оозеки чыгармалар кызыктуу маалыматтарды бере алат; Маселен элдик ырда : «Бостондон Болот хан чыкты», - деген ырлар 1873-жылдагы Сафед-Буланда элдик курултайда эл тарабынан хан шайланышы тарыхый жактан чындык экендиги даана байкалат. Ошондой эле акындардын ырларынан, эл арасында тараган башка фольклордук чыгармалардан империялык Россияга кошулгандан кийинки малдын сатыкка чыгарылышын «Малды сатса пул» деген пикиридин жаралышына негизделгенин байкоого болот, олуя Калыгул акын «Тегиз жерден тегирмен чыгар»,-деген ыр саптары тарыхый жактан тастыкталат, ошондой Токмок шаарында базарлардын негизделишин Молдо Кылыч «Базарга барсаң, барын табасың» деген сыяктуу ыр саптары башка дагы бир катар социалдык-экономикалык, маданий турмуштагы өнүгүүнү дагы чагылдырылганын жана тарых менен дал келгенин байкоого болот;

- фольклордук материалдар, падышачылыктын башкаруу саясаты туралуу элдик ырда, «Эл бийлеген болуш чыгат»,-деп айткан болуш, бий институттары, сот системасы аркылуу элдин турмушун кысымга алгандыгын айгинелеп турат;

- орус падышычылыгына каршы күрөшүү, мамлекеттүүлүк, азаттык идеяларынын кыргыз-казак акындарынын ырларынын мазмунундагы жалпылыктар бул элдердин улуттук-боштондук күрштөрдө бирге болгонунан кабар берет.

4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли. Ар бир жыйынтыкты негиздүү далилдегенге далалат жасалган. Фольклордук материалдарды изилдегенде С. А. Наркеев тарабынан колдонулган изилдөө ыкмалары диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда өбөлгө болгон.

5. Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылдыгынын деңгээли. Каралып жаткан теманын илимий жыйынтыктарынын жаңычылдык деңгээли катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот. Диссертацияда Кыргызстандын аймагындагы Россия падышалыгынын колониалдык саясатын элдик оозеки чыгармаларга таянып илимий анализ жүргүзүү, салыштыруу жана изилдөөө алуу аракети жасалган алгачкы аракеттердин бири. Мында Молдо Нияз, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч, Алдаш Молдонун чыгармаларындагы колониалдык мезгилдеги социалдык-экономикалык, саясий, маданий турмуштагы жүрүмдөр, оторчулар менен жергиликтуу элдин мамилеси тарыхый-этнографиялык талдоого алынган. Аларга падышачылыктын жүргүзө турган саясаты, экономикалык өзгөрүүлөр, элдин турмушуна кирген жаңылыктар, кыргыздардын жерлеринин тартылып алынышы, келгиндердин отурукташып кыштактардын салынышы, сот системасындагы паракорчулук, мамлекеттүүлүк үчүн күрөшкөн инсандар, Анжиян көтөрүлүшү жана 1916-ж.

Улуттук боштондук кыймылы ж.б. окуялар ушул сыяктуу тарыхый процесстер элдик оозеки чыгармалардын негизинде талдоого алынган. Ар бир ар бир тема боюнча жыйынтыктар чыгарылган.

6. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечууде, иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо. С.А. Наркеевтин диссертациясында, булактык база катары элдик оозеки чыгармалар аркылуу, колониалдык саясаттагы, ал доордогу саясий-экономикалык окуяларга оң жана терс көрүнүштөрү тарыхый-этнографиялык жактан изилденген. XIX к. экинчи жарымы XX к. башындагы кыргыз элинин турмушундагы, маданиятындагы өзгөрүлүрө боюнча айрым жаңы ой-пикирлер айтылган. Автордун жекече салымы илимий изилдөөнүн жүрүшүндө каралган маселелердин бардык аспектилери боюнча изилдөөчү тарабынан чогултулган материалдардын системага келтирилишинен байкалып турат. Диссертация өз алдынча аткарылган илимий изилдөө катары кабыл алууга болот. Анын жыйынтыктары жана илимий жоболору автор тарабынан ез алдынча иштелип жетишилген. Кыргыз этнография илиминде дагы эле жеткиликтуу изилдениле элек баалуу элдик оозеки материалдар талдоого алынып, конкреттуу жыйынтыктар чыгарылган.

7. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси. Диссертациялык эмгектин жыйынтыктары тарых,этнография, фольклористика, маданият таануу, этносаясат таануу тармактарындагы келечектеги изилдөөлөрдө колдонууга болот. Мектептерде, кесиптик орто жана жогорку окуу жайларында сабак өтүүдө жардамы тийет. Калың катмардагы окуучулар үчүн популярдуу эмгектерди жаратууда, радио, теле берүүлөрдө да эмгектин жоболорунун практикалык мааниси бар.

8. Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тематика боюнча жарыялаган эмгектеринде тастыкталышы. С.А. Наркеев диссертациясынын темасына байланыштуу 13 илимий макала жарыяланган.

Илимий эмгекти изилдеп чыгууда чет элдик жана тийиштүү илимий эмгектер кенен колдонулган. Иш киришүүдөн, төрт бөлүмдөн, тогуз параграфтан, корутундудан, тиркемелерден жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын авторефераты менен диссертация бири-бирине дал келет жана талапка жооп берет.

**Кыргыз Ресиубликасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын талаптарына жооп берет.**

9. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар. С. А. Наркеевтин диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар кемчиликтер да орун алган.

1. Эмгекте колдонулган элдик оозеки чыгармалардагы элдик ырлардын айрымдарын кыскартуу зарыл.

2. Стилистикалык жана грамматикалык мучулуштуктер орун алган. Орун алган айрым мүчүлүштүктөргө карабастан, С.А. Наркеевдин диссертациясы КР ЖАКтын талаптарына толук жооп берет жана өз алдынча жазылган илимий иш деп эсептеп, КРнын Жогорку Аттестациялык коммиссиясынан тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга сунуштаймын.

Расмий оппоненти тарых

Илимдеринин доктору, Кыргыз-Америка

Университетинин профессору: Турдалиева Ч. Дж.

ДЛЯ ОФИЦИАЛЬНЫХ ДОКУМЕНТОВ

Вх. 04-8/24 от 15.04.21.
Уч. секр. диссовета Д 07.21.628
А.З. Жапаров

Ч. Турдалиеванын колун тастыктайм. Д 07.21.628
Диссерт. кеңешинин окум. катчысы